ЭРКИН ТОО
мамлекеттик расмий гезити



**Акыркы жылдары ачуу тажрыйба көрсөткөндөй, биздин замандаштарыбыздын көбү финансылык сабаттуулуктан аксап, бир катар көйгөйлөр жаралып жаткандыгы баарыбызга маалым. Андыктан, финансылык жактан сабаттуу болсоң заманга жараша өзгөрүүлөр менен жаңылыктарды билип, аны кадыресе турмушта колдонуу аркылуу жашоонун жеңил жана жаркын болушуна шарт түзөөрүң бышык. Ошондон улам КРнын Улуттук банкынын адистеринин жардамы менен калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу максатында чекене төлөм кызматтары жана аларды колдонуунун артыкчылыктары тууралуу элге түшүнүк берүүнү туура таптык. Анткени, азыркы учурда чекене төлөмдөр банк системасынын олуттуу иштеринин бири болуп саналат. Чекене төлөмдөрдүн маани-маңызы тууралуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төлөм системалары башкармалыгынын Төлөм системасынын ишин анализдөө жана өнүктүрүү бөлүмүнүн башкы адиси Салтанат Ибрагимовага кайрылдык.**

### Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төлөм системалары башкармалыгынын Төлөм системасынын ишин анализдөө жана өнүктүрүү бөлүмүнүн башкы адиси Салтанат ИБРАГИМОВА:

# “ЧЕКЕНЕ ТӨЛӨМ КЫЗМАТЫНЫН ЧЕГИ КЕҢЕЙҮҮДӨ”

**- Салтанат Зулпукаровна, чекене төлөмдөр эмнени түшүндүрөт? Адегенде ушуга токтоло кетсеңиз?**

- Акчаны канча суммада которууга жараша төлөмдөрдүн негизги эки түрү колдонулат. ***Биринчиси*** – бул мөөнөттүү төлөмдөр. Ага Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук Банктын төлөмдөрү, ошондой эле ири финансылык уюмдардын ортосундагы төлөмдөр, негизинен коммерциялык банктар же финансылык рыноктун катышуучулары арасындагы төлөмдөр кирет. Мындай төлөмдөр адатта тез аранын ичиндеги эсептешүүнү талап кылат. Эң кыска мөөнөттө төлөөгө туура келген калктын төлөмдөрү дагы мөөнөттүү төлөм болуп эсептелет.

***Экинчи түрү*** – чекене төлөмдөр – бул төлөмдөрдүн суммасы анча көп болбойт, алар негизинен чарбалык же керектелүүчү үзгүлтүксүз төлөмдөр. Аларга: мекемелердин, уюмдардын төлөмдөрү, кичи бизнестин өкүлдөрүнүн төлөмдөрү, коммуналдык жана башка кызмат көрсөтүү, товарларды сатып алуудагы калктын төлөмдөрү жана кызмат көрсөткөндүгү үчүн төлөмдөр, салык жана жыйымдардын төлөмдөрү, мамлекеттик мекемелер тарабынан төлөнүүчү айлык акы, пенсиялар жана жөлөк пулдар ж.б.лар кирет. Чекене төлөмдөр накталай жана накталай эмес түрүндө жүзөгө ашырылат.

**- Биздин республикада кайсыл уюмдар чекене төлөмдөрдү жүргүзүү кызматын жүзөгө ашырышат?**

- Төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча финансылык кызмат көрсөткөн уюмдар эки чоң топтон – финансы-кредиттик мекемелерден (коммерциялык банктардан) жана коммерциялык банк болуп эсептелбеген уюмдардан турат. Коммерциялык банктар Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы тарабынан берилген лицензиялардын негизинде иштейт жана банктык операцияларды жүргүзөт. Ал эми коммерциялык банк болуп эсептелбеген, бирок төлөм кызматтарын жүргүзгөн уюмдарга почта бөлүмдөрү, төлөм жүргүзүүчү уюмдар, төлөм системаларынын операторлору жана алардын субагенттери, акча которуу системасынын эл аралык операторлору, коммерциялык банктардын агенттери кирет.

**- Бүгүнкү күндө биздин республикада эң кеңири тараган чекене төлөм кызматтары кайсылар жана алардын артыкчылыктары тууралуу токтоло кетсеңиз?**

- Эң кеңири тараган чекене төлөм кызмат көрсөтүүлөрү болуп документтик жана документтик эмес негиздеги төлөм кызматтары эсептелет:

*-эгерде документ түрүндөгү төлөм кызматына токтоло турган болсок, ага төлөм документин (эреже катары төлөм тапшырыгын) пайдалануу менен которуу кирет. Ошондой эле бул учурда төлөм талаптары, инкассалык тапшырыктар, чектер, аккредитивдер жана башкалар пайдаланышы мүмкүн. Башкача айтканда, бул төлөмдөр тийиштүү төлөм документин алдын ала түзүүнү талап кылат;*

*-документтик эмес формаларга төлөм документин алдын ала түзүүнү талап кылбаган төлөмдөр кирет. Бул төлөм карттары, электрондук акчалар, төлөм терминалдары колдонулган төлөмдөр, интернет аркылуу жүзөгө ашырылган төлөмдөр, уюлдук телефонду пайдалануу менен жүзөгө ашырылган төлөмдөр ж.б.у.с.* кирет.

**- Чекене төлөм кызмат көрсөтүүнүн артыкчылыктары кандай?**

- Чекене төлөм кызматын пайдалануу учурунда артыкчылык берүү көп учурда тигил же бул төлөөчүнүн жаш курагына да шартталат. Мисалы, эгерде пенсионерлер тууралуу айта турган болсок, алар адатта почта бөлүмү аркылуу коммуналдык кызмат акыны төлөшөт жана андан пенсия жана жөлөк пулдарын алышат. Ал эми ошол эле убакта жаштар төлөмдөрдү төлөм терминалдары, банк карттары жана башкалар аркылуу жүргүзүүнү артык көрүшөт. Юридикалык жактар болсо эреже катары коммерциялык банктарда өздөрүнүн банктык эсептери бар жана төлөмдүн документтик түрүн пайдалануу менен накталай эмес түрүндө төлөөнү жүргүзүшөт. Кыргыз Республикасында бүгүнкү күндө чекене төлөмдөрдү жүргүзүү учурунда:

*-товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай же накталай эмес түрүндө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктөр бар;*

*-жаңы технологияларды пайдалануу жолу менен калкка жана соода түйүндөрү үчүн банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жакшыргандыгы байкалууда;*

*-накталай эмес түрүндөгү чекене төлөмдөрдү сутка бою жүргүзүү үчүн программалык-техникалык инфраструктура өнүгүүдө.*

**- Чекене төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнүн келечек перспективалары кандай?**

-Азыркы өнүгүү процесси жакынкы аралыкта төлөм кызмат көрсөтүүлөрү төмөндөгүдөй болоору күтүлүүдө:

*-төлөмдөрдү жөнөтүүнүн жана алуунун бир кыйла ыңгайлуу жана жөнөкөй болушу;*

*-бир кыйла арзан болуусу;*

*-бир кыйла коопсуз болуусу күтүлөт.*

Мындан сырткары төлөм кызмат көрсөтүүлөрү кардарлардын бизнесине жана анын өндүрүштүк процесстерине бир кыйла ыңгайлашкан болот.

Азыркы учурда төлөм кызматтарды көрсөтүү боюнча куралдардын жана технологиялардын өнүгүш перспективаларын төмөндөгүдөй түрлөр боюнча шарттуу классификациялоого болот:

- эсептешүүлөрдүн документтик формаларынын алкагында көрсөткөн төлөм кызматтары;
- төлөм карттары менен эсептерди жүзөгө ашыруу учурундагы кызмат көрсөтүүлөр;
- мобилдик төлөм кызматтары;
- электрондук акча системаларындагы төлөм кызматтары;

Мында төлөм кызмат көрсөтүүлөрүнүн жогоруда көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөрү бир топ шарттуу экендигин белгилей кетүү зарыл. Чекене төлөм системасы иштеп турган реалдуу чөйрөдөгү төлөм эсептешүү операцияларын жүзөгө ашыруудагы куралдар жана каражаттар бирин-бири табигый түрдө толуктап турушу мүмкүн.

Маалыматтык технологиялардын тездик менен өнүгүп жатышы төлөм индустриясына орчундуу таасирин тийгизет. Жакынкы жылдарда уюлдук телефондорду жана электрондук акчаларды пайдалануу менен чекене төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу тажрыйбасы кеңири масштабга ээ болушу күтүлүүдө.

**Маектешкен Абдимухтар АБИЛОВ**